**2025-жылдын январь-декабрына карата Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн негизги көрсөткүчтөрү боюнча кыскача экспресс маалымат**

*(Улуттук статистика комитетинин алдын ала маалыматтарынын негизинде )*

2025-жылдын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн натыйжалары өлкөдө интенсивдүү экономикалык өсүш сакталганын жана 2024-жылы жетишилген жогорку өсүү темптеринин мындан ары да улантылганын жалпы жонунан тастыктайт.

Экономиканын секторлорундагы жогорку көрсөткүчтөр ички өндүрүштүн кеңейиши жана инвестициялардын өсүшү, ошондой эле калктын кирешелеринин жогорулашы менен колдоого алынган ички керектөөнүн жана керектөөчүлүк суроо-талаптын кеңейиши менен шартталган.

Министрлер Кабинетинин экономикалык активдүүлүктү стимулдаштырууга, экономиканын стратегиялык тармактарын колдоого, инфраструктураны модернизациялоого, инвестициялык климатты жана атаандаштык чөйрөнү жакшыртууга багытталган ишмердүүлүгү туруктуу экономикалык өсүштү сактап калууга мүмкүндүк берди.

2025-жылдын январь-декабрына карата Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин алдын ала баалоосу боюнча ички дүң продукциянын көлөмү (мындан ары - ИДП**) 1976,4 млрд сомду** жана реалдуу өсүү темпи **111,1 %ды** (2024-жылга карата - 111, 5 %) түздү.

Экономиканын бардык тармактарында оң динамика камсыз кылынып, көрсөткүчтөр төмөнкүдөй болду: **курулушта өндүрүштүн көлөмү 21,1 %га, тейлөө чөйрөсүндө – 10,9 %га, өнөр жайда – 10,7 %га, айыл чарбасында – 2,2 %га өстү.**

**ИДПны түзгөн тармактар боюнча түзүмү жана өсүү темптери** [1]

| **Көрсөткүчтөр** | **2024-жыл, факт** | | | **2025-жыл, алдын ала факты** | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **млн сом** | **өсүү темпи (%)** | **ИДП га % менен** | **млн сом** | **өсүү темпи (%)** | **ИДП** | **ИДПнын өсүүсүнө болгон салымдын үлүшү, п.п.** |
| **ИДП** | **1 582 791,8** | **111,5** | **100,0** | **1 976 389,4** | **111,1** | **100,0** | **11,1** |
| Өнөр-жайы | 269 302,7 | 109,3 | 17,0 | 351 192,7 | 110,7 | 17,8 | 1,83 |
| Айыл чарбасы | 136 463,3 | 106,2 | 8,6 | 158 100,0 | 102,2 | 8,0 | 0,19 |
| Курулуш | 121 649,6 | 128,7 | 7,7 | 171 709,4 | 121,1 | 8,7 | 1,62 |
| Кызмат көрсөтүү чөйрөсү | 828 044,1 | 109,8 | 52,3 | 1 011 647,5 | 110,9 | 51,2 | 5,72 |
| Продуктуга таза салык | 227 332,1 | 114,7 | 14,4 | 283 739,8 | 112,1 | 14,4 | 1,74 |

**Өнөр жай.** 2025-жылдын январь-декабрь айларында өнөр жай ишканалары тарабынан 799,7 млрд сом суммасында дүң продукция өндүрүлгөн. Өндүрүштүн көлөмү 2024-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 10,6 %га өстү (2024-жылдын январь-декабрь айларында – 5,5 %га өскөн). Мында алтын кендерин иштетүүчү ишканаларды кошпогондо, өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмү 119,9 %га жогорулады.

[1] Өсүү темптери ДКНдин негизинде берилген.

Өнөр жай өндүрүшүнүн жогорку көрсөткүчтөрү тамак-аш азыктарын (суусундуктарды кошкондо) жана тамеки азыктарын өндүрүүнүн 30,1 %га, текстиль өндүрүшүнүн, кийим-кече жана бут кийим, тери жана башка тери буюмдарын өндүрүүнүн 9,6 %га, фармацевтикалык продукциялардын 1,7 эсеге, резина, пластмасса буюмдарын жана курулуш материалдарын өндүрүүнүн 35,7 %га, жыгачтан жана кагаздан жасалган буюмдарды өндүрүүнүн, полиграфиялык ишмердүүлүк продукцияларынын 30,5 %га, химиялык продукциялардын 19,8 %га, транспорт каражаттарын өндүрүүнүн дээрлик 2 эсеге ошондой эле пайдалуу кендерди казуу көлөмүнүн 14,2 %га көбөйүшү менен камсыздалды.

Мындан тышкары электр энергия, газ жана буу менен камсыз кылуунун көлөмүнүн 11,2 %га жогорулашы электр энергиясын өндүрүүнүн 4,6 %га өсүшүнүн жана электр энергиясын бөлүштүрүү жана сатуу боюнча кызматтардын (сатып алынган электр энергиясынын наркын кошпогондо) 27 %га жогорулашынын эсебинен болду.

Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки заттарды алуунун көлөмүнүн 23,1 %га көбөйүшү негизинен сууну чогултуу, иштетүү жана бөлүштүрүүнүн 21,4 %га өсүшү менен камсыздалды.

Өнөр жай өндүрүшүнүн ИДПны түзүүдөгү салымы 1,8 пайыздык пунктту түздү. ИДП өндүрүшүнүн түзүмүндө өнөр жай тармагынын үлүшү 17,8 %ды түздү.

**Айыл чарба.** 2025-жылы айыл чарба продукциясынын дүң көлөмү 459,7 млрд сомду түздү. Реалдуу өсүү темпи 2024-жылдын деңгээлине салыштырмалуу 102,2 %ды түздү. 2024-жылга салыштырмалуу айыл чарба, токой чарбасы жана балык чарбасы боюнча продукциянын дүң көлөмүнүн өсүшү негизинен мал чарба продукциясын өндүрүүнүн 4,0 %га көбөйүшү менен камсыз болду, ал эми өсүмдүк өстүрүү продукциясынын көлөмү болгону 0,2 %га гана өстү.

*Мал чарбачылыгы.* 2025-жылы 2024-жылга салыштырмалуу союуга жөнөтүлгөн малдын жана үй канаттууларынын (тирүү салмакта) өндүрүлүшү 3,6 %га, сүт өндүрүү 3,2 %га, жумуртка өндүрүү 18,7 %га, жүн өндүрүү 1,4 %га өстү.

2025-жылы республикада бардык категориядагы чарба жүргүзүүчү субъекттер тарабынан тирүү салмакта 476,1 миң тонна эт өндүрүлгөн, бул 2024-жылга салыштырмалуу 16,4 миң тоннага же 3,6 %га көп. Эт өндүрүшүнүн көлөмүнүн өсүшү негизинен айыл чарба жаныбарларынын баш санынын көбөйүшү менен шартталган.

2025-жылы республикада 1 881,5 миң тонна сүт өндүрүлүп, бул мурунку жылдын деңгээлинен 57,7 миң тоннага же 3,2 %га жогору болду; 938,4 млн даана жумуртка өндүрүлүп, бул 2024-жылдагы көрсөткүчтөн 148,1 млн даанага же 18,7 %га ашык болду; жүн өндүрүшүнүн көлөмү 13,3 миң тоннаны түзүп, 2024-жылга салыштырмалуу 177 тоннага же 1,4 %га көбөйгөн.

*Өсүмдүк өстүрүү.* 2025-жылкы түшүм үчүн бардык категориядагы чарбаларда айыл чарба өсүмдүктөрү ээлеген жалпы айдоо аянты 1 245,6 миң гектарды түзүп, бул 2024- жылга салыштырмалуу 1,1 миң гектарга же 0,1 %га аз болду.

2025-жылы айыл чарба кооперативдеринин саны 753төн 821ге чейин көбөйүп, алар иштеткен жерлердин аянты 55 454 гектарга жетти. Ошентип, 2025-жылы жалпы аянты 1 007 гектарды түзгөн 68 жаңы кооператив түзүлүп, бул 2024-жылга салыштырмалуу 9,0 %дык өсүштү камсыз кылды.

*Түшүм жыйноо.* 2025-жылдын жыйынтыгы боюнча дан эгиндери 605,9 миң гектар аянттан жыйналды. Жыйналган аянттардан 1,8 млн тонна дан (дан буурчак өсүмдүктөрүн, күрүчтү жана гречиханы эсепке албаганда, кайра иштетүүдөн кийинки салмакта) алынган, бул мурунку жылга салыштырмалуу 14,2 %га аз. Дан эгиндеринин орточо түшүмдүүлүгү гектарына болжол менен 29 центнерди түздү. Көлөмдөрдүн төмөндөшү Чүй, Талас жана Баткен облустарында түшүмдүүлүктүн төмөн болушу менен байланыштуу. Тактап айтканда, Чүй облусунда буудайдын түшүмдүүлүгү 17,3 ц/гага, арпанын түшүмдүүлүгү 14,3 ц/гага төмөндөгөн. Талас облусунда болсо буудайдын түшүмдүүлүгү 9,7 ц/гага, арпанын түшүмдүүлүгү 5,5 ц/гага жана буурчак

өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү 1,3 ц/гага азайган. 2025-жылы түшүмдүүлүктүн төмөндөшү сугат суусунун жетишсиздиги менен шартталган, мында жаз жана жай айлары 2024-жылга салыштырмалуу өтө кургак болгон. Ошондой эле отчеттук жылы айрым айыл чарба өсүмдүктөрүнүн бышып жетилиши 2–3 жумага эртерээк байкалган. Натыйжада түшүм жыйноо иштери мурдараак башталып, бул мурунку мезгилдин продукциясынын көлөмүнө таасирин тийгизген.

2025-жылы буудайдын дүң жыйымы 26,8 %га, арпаныкы – 26,5 %га, кант кызылчасыныкы – 43,7 %га, тамекиники – 44,2 %га, пахтаныкы – 49,2 %га, майлуу өсүмдүктөрдүкү – 11,7 %га, дан буурчак өсүмдүктөрүнүкү – 3,6 %га жана картошканыкы – 1,7 %га кыскарган.

Дан эгиндеринин түшүмдүүлүгү төмөндөгөнүнө карабастан, 2024-жылга салыштырмалуу дан үчүн жүгөрүнүн дүң жыйымы 5,1 %га, күрүчтүн – 17,0 %га, жашылчалардын – 11,3 %га, мөмө-жемиш жана мөмө-мөмө өсүмдүктөрүнүн – 17,5 %га, бакча өсүмдүктөрүнүн – 7,1 %га көбөйүп, бул өлкө боюнча айыл чарба продукциясынын жалпы дүң жыйымын 100,2 % деңгээлинде кармап турууга мүмкүндүк берди.

Айыл чарба тармактарын каржылоого мамлекеттик колдоо улантылып, алдын ала маалыматтар боюнча 2025-жылы иш жүзүндө 11 млрд сомдон ашык каражат багытталган. 2025-жылы айыл чарба секторун колдоо олуттуу түрдө кеңейтилди. Тактап айтканда, «Кыргыз Республикасында үрөнчүлүктү жана питомниктерди өнүктүрүү» долбоорунун алкагында 2025-жылы карата 15,8 млн сом суммасында жеңилдетилген кредит берилген; «Кыргыз Республикасында асыл тукум мал чарбасын өнүктүрүү» долбоорунун алкагында 2025-жылы жалпы суммасы 584,1 млн сомду түзгөн жеңилдетилген кредиттер берилген; «Бириккен товар өндүрүүчүлөрдү каржылоо» долбоорунун алкагында 2025-жылы жалпы суммасы 218,2 млн сомду түзгөн жеңилдетилген кредиттер берилген; «Айыл чарбасын каржылоо — 13» долбоорунун алкагында 6 487 айыл чарба товар өндүрүүчүлөрү жеңилдетилген кредит алышкан, берилген каражаттардын жалпы көлөмү 4,1 млрд сомду түзгөн. Айыл чарбасын каржылоо долбоорлорун ишке ашыруу агросектордун өнүгүшүнө олуттуу таасирин тийгизип, жергиликтүү өндүрүүчүлөрдү колдоого жана айыл чарбасын жүргүзүү үчүн финансылык шарттарды жакшыртууга өбөлгө түзүүнү улантууда.

Айыл чарба өндүрүшүнүн ИДПны калыптандыруудагы салымы 0,19 пайыздык пунктту түздү. ИДПнын өндүрүш түзүмүндө айыл чарбасынын үлүшү 8,0 %ды түздү.

**Курулуш.** 2025-жылдын январь-декабрынын жыйынтыгы боюнча каржылоонун бардык булактарынан негизги капиталга инвестициялардын көлөмү 374,6 млрд сомду түзүп, 18,4 %га өстү (2024-жылда 36,3 %га өскөн).

2024-жылга салыштырмалуу негизги капиталга инвестициялардын көлөмүнүн өсүшү каржылоонун ички булактарынын 9,0 %га жана тышкы булактарынын 1,8 эсеге өсүшүнүн эсебинен камсыздалды. 2025-жылы республикалык бюджеттин эсебинен негизги капиталга салынган инвестициялардын көлөмү 42,7 пайызга өсүп, 90,3 млрд сомго жетти.

2025-жылдын январь-декабрында инвестициялардын негизги көлөмү (инвестициялардын жалпы көлөмүнүн 85 %га жакыны) транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо, пайдалуу кендерди казуу, электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу), иштетүү өндүрүшү, билим берүү объекттеринин курулушуна, ошондой эле турак жай курулушуна багытталды.

Экономиканын капиталдаштыруунун олуттуу өсүшү төмөнкү факторлор менен шартталган:

– “Менин үйүм” программасынын алкагында турак жай курулушунун көлөмү кыйла көбөйдү: 2025-жылдын ичинде 4 662 батирдин курулушу аяктады;

– Бишкек жана Ош шаардык мэриясы тарабынан шаардык инфраструктураны өнүктүрүүгө капиталдык салымдардын көбөйүшү;

– спорт объектилерин курууга инвестициялардын көлөмүнүн көбөйүшү;

– өлкөнүн туристтик инфраструктурасын өнүктүрүүгө болгон инвестициялардын өсүшү.

Өткөн мезгилде төмөнкү социалдык объектилер курулуп, эксплуатацияга берилди:

– 53 жалпы билим берүүчү мектеп курулуп, аларга 11 788,6 млн сом бөлүнгөн;

– 10 оорукананын курулушуна 1 893,1 млн сом жумшалган;

– 32 амбулаториялык-поликлиникалык мекемелер курулуп, 520,8 млн сом сарпталган;

– 43 мектепке чейинки мекеме курулуп, аларга 4 136,9 млн сом жумшалган.

Экономиканы капиталдаштыруунун көлөмүнө жараша, 2025-жылдын январь-декабрында курулуштун дүң продукциясынын жалпы көлөмү 438,5 млрд сомду түзүп, 21,1 %га көбөйдү (2024-жылда өсүш 28,7 % болгон).

Курулуш секторунан ИДПга оң салым 1,62 пайыздык пунктка бааланат. ИДП өндүрүшүнүн түзүмүндө курулуштун үлүшү 8,7 %ды түздү.

**Кызмат көрсөтүү чөйрөсү** ИДПнын структурасында үстөмдүк кылуучу абалды ээлеп, экономикалык өсүшкө эң чоң салым кошууну улантууда. 2025-жылдын январь-декабрь айларынын жыйынтыгы боюнча кызмат көрсөтүү чөйрөсүнүн дүң продукциясынын көлөмү 2024-жылга салыштырмалуу 1 553,2 млрд сомду түзүп, **11,3%га** өскөн.

Кызмат көрсөтүүчү экономика тармактарынын түзүмүндө эң көп үлүштү дүң жана чекене соода – 36,2 %, транспорттук ишмердүүлүк жана жүктөрдү сактоо кызмат көрсөтүүлөрү – 10,3 % жана финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу кызмат көрсөтүүлөрү – 11,9 % ээлейт.

Калктын акчалай кирешелеринин көбөйүшү (2025-жылдын январь-ноябрь айларында орточо айлык номиналдык эмгек акы 19,1 %га өскөн; 2025-жылдын январь-декабрь айларында пенсиянын орточо өлчөмү 6,2%га көбөйгөн), керектөө насыяларынын көлөмүнүн өсүшү (2025-жылдын январь-ноябрь айларында 1,7 эсеге көбөйгөн) ички суроо-талаптын бекемделишине өбөлгө түзгөн. Натыйжада, 2025-жылдын январь-декабрь айларында дүң жана чекене сооданын, автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоонун жалпы дүң көлөмү 20,8 %га көбөйүп, 561,6 млрд сомду түзгөн. 2024-жылдын январь-декабрына салыштырмалуу дүң жана чекене сооданын, автоунааларды жана мотоциклдерди оңдоонун жүгүртүүлөрүнүн көлөмүнүн өсүшү чекене сооданын (20,3 %га) дана дүң сооданын (10,4 %га) өсүшү менен камсыздалды.

2025-жылдын январь-декабрь айларында транспорттук ишмердүүлүк жана жүктөрдү сактоо кызматтарынын көлөмү 130,7 млрд сомду түзүп, 11,5 %га өскөн. Транспорттун бардык түрлөрү менен 60,7 млн тонна жүк (2024-жылдын деңгээлине салыштырмалуу 12,2 %га өсүш), ошондой эле 666,8 млн жүргүнчү (5,0 %га өсүш) ташылган.

2025-жылдын январь-декабрь айларында мекемелер жана ресторандар тарабынан көрсөтүлгөн кызматтардын көлөмү 2024-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 14,3%га көбөйүп, 73,0 млрд сомду түзгөн.

Отчеттук мезгилде маалымат жана байланыш кызматтарынын дүң көлөмү 71,1 млрд сомду түзүп, өсүү темпи 105,8% болгон.

Кызмат көрсөтүү чөйрөсүнүн ИДПны түзүүгө кошкон салымы 5,72 пайыздык пункт деңгээлинде бааланып, ИДПнын өндүрүш структурасындагы үлүшү 51,2 %ды түзгөн.

2025-жылдын жыйынтыгы боюнча **инфляциянын деңгээлин чагылдырган керектөө бааларынын индекси 109,4 %ды** түздү (2025-жылдын декабры 2024-жылдын декабрына карата), бул инфляциялык басымдын жогору деңгээлде сакталып тургандыгын көрсөтөт. Инфляциянын орточо жылдык көрсөткүчү (2025-жылдын январь–декабры 2024-жылдын январь–декабрына карата) **108,2 %**ды түздү.

Керектөө бааларынын өсүшүнө негизги салымды азык-түлүк товарлары кошту, алардын баалары 9,9 %га жогорулап, жалпы инфляцияга 4,52 пайыздык пункт өлчөмүндө таасир этти, анын ичинде:

- “Нан жана дан азыктары”товардык тобу боюнча баалар 3,8 %га өстү (салымы 0,63 п.п.): атап айтканда, жогорку сорттогу унга болгон баалар 5,2 %га (салымы 0,18 п.п.), биринчи сорттогу унга – 4,6 %га (салымы 0,23 п.п.), нанга – 6,0 %га (салымы 0,09 п.п.) жогорулады. Бул товарлар тобунун кымбатташы дан эгиндеринин негизги жеткирүүчүсү болгон Казакстанда буудайдын бааларынын жогорулашы, ошондой эле логистикалык чыгымдардын өсүшү менен шартталган;

- эт жана эт азыктары боюнча баалар 13,6 %га өстү (салымы 1,39 п.п.). Баалардын жогорулашы тоюттардын, күйүүчү майдын жана транспорттук чыгымдардын кымбатташынын, малды сатып алуу бааларынын өсүшүнүн таасиринен келип чыкты. Кошумча фактор катары коңшу мамлекеттер тарабынан экспорттук суроо-талаптын жогорулашы белгиленди, ал эт өндүрүүнүн ички көлөмү 3,6 пайызга өскөнүнө карабастан, ички рынокто бааларга болгон басымды күчөтүп, эт продукциясына болгон баалардын жогорулашына алып келди.

Бааларга кошумча басым глобалдык инфляциянын таасиринен улам күчөдү: 2025-жылдын жыйынтыгы боюнча ФАОнун эт бааларынын индекси орточо эсеп менен 123,2 пунктту түзүп, бул 2024-жылга салыштырмалуу 6,0 пунктка же 5,1 %га жогору болду. Мындай өсүш дүйнөлүк деңгээлде туруктуу импорттук суроо-талаптын сакталышы жана жаныбарлардын ооруларынын чыгышына, ошондой эле геосаясий чыңалууга байланыштуу рыноктордогу белгисиздиктин күчөшү менен түшүндүрүлөт. Дүйнөлүк рынокто уй эти менен кой этинин баалары жылдык эсепте туруктуу импорттук суроо-талаптын жана экспорттук сунуштун чектелүү болушунун шартында кескин өстү.

- мөмө-жемиштер жана жашылчаларга болгон баалар 19,1 %га жогорулады: жашылчалар 13,6 %га кымбаттады (салымы 0,66 п.п), мөмө-жемиштер – 39,4 %га (салымы - 0,69 п.п.). Бул өсүш ата мекендик продукциянын сезондук сунушунун кыскарышы, сезон аралык мезгилде импорттун үлүшүнүн жогорулашы, ошондой эле күйүүчү майдын жана электр энергиясынын бааларынын өсүшүнө байланыштуу ташуу жана сактоо чыгымдарынын көбөйүшү менен шартталды;

- майлар жана майлуу азыктар боюнча баалар 16,2 %га жогорулады (салымы 0,7 п.п.), бул бир катар факторлордун айкалышы менен шартталды. Биринчи кезекте, баалардын өсүшү дүйнөлүк тенденциялар менен, анын ичинде энергия ресурстарына болгон дүйнөлүк баалардын жогорулашы, ошондой эле транспорттук жана кошумча чыгымдардын көбөйүшүнө алып келген логистикалык чектөөлөрдүн сакталышы менен түшүндүрүлөт. Мындан тышкары, өсүмдүк майларына дүйнөлүк баалардын жогорулашы ички рынокко кошумча баа басымын көрсөттү (*ФАОнун өсүмдүк майларына баа индекси 161,6 пунктту түзүп, 2024-жылга салыштырмалуу 23,6 пунктка же 17,1 %га жогору болуп, дүйнөлүк сунуштун чектелүү болушунун шартында акыркы үч жылдагы эң жогорку деңгээлге жетти*). Кошумча фактор катары 2025-жылдын декабрында Россия Федерациясында күн карамага экспорттук алымдын киргизилиши эсептелет, бул продукциянын сыртка чыгарылышын чектеп, аны ички рынокко багыттоого алып келди жана баалардын өсүшүн колдоду. Ошондой эле Россияда күн караманын түшүмдүүлүгүнүн төмөндөшү дефицитти күчөтүп, майлардын кымбатташына кошумча таасир тийгизди;

- сүт азыктары, сыр жана жумуртка боюнча баалар 5,5 %га жогорулады (салымы 0,14 п.п). Бул өсүш кыш мезгилинде жайыттык тоюттардын көлөмүнүн азайышына жана малдын өндүрүмдүүлүгүнүн төмөндөшүнө байланыштуу сүт өндүрүшүнүн сезондук кыскарышы менен шартталды. Кошумча басым тоюттардын, күйүүчү-майлоочу материалдардын жана концентраттардын бааларынын жогорулашынан келип чыкты.

**Алкоголдук ичимдиктерге жана тамеки буюмдарына** болгон баалар 8,0 %га жогорулады (таасири 0,69 п.п. түздү), анын ичинде: алкоголдук ичимдиктердин баалары

7,2 %га, тамеки буюмдарынын баалары 9,8 %га өстү. Тамеки продукциясынын кымбатташы тамеки буюмдарына карата акциздик салыктын ставкаларынын жыл сайын жогорулатылып турушу менен шартталды. Алкоголдук ичимдиктердин бааларынын өсүшү негизинен өндүрүштүк жана логистикалык чыгымдардын жогорулашы менен байланыштуу.

**Азык-түлүк эмес товарлардын** баа индекси 7,8 %га жогорулады (таасири 2,26 п.п.).

Турак жай-коммуналдык кызматтарга, сууга, электр энергиясына, газга жана башка отун түрлөрүнө болгон баалар 14,0 %га жогорулады (салымы 1,36 п.п.). Баалардын өсүшү негизинен электр энергиясынын тарифтеринин 23,6 %га жогорулашынын эсебинен болду, бул Кыргыз Республикасынын 2025-2030-жылдарга карата Орто мөөнөттүү тарифтик саясатына ылайык тарифтердин жыл сайын жогорулатылышы менен байланыштуу (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 24-апрелиндеги № 227 токтому). Ал эми газдын баалары 6,8 %га өстү.

Мында кийим-кече жана бут кийим боюнча баалардын орточо өсүшү байкалды (салымы 0,36 п.п.): жалпы өсүш 3,4 %ды түздү, анын ичинде кийим-кечениң баалары 3,5 %га, ал эми бут кийимдин, анын ичинде оңдоо кызматтарын кошкондо, баалары 3,2 %га жогорулады. Үй-тиричилик буюмдарына жана тиричилик техникасына болгон баалар 4,8 %га өстү (салымы - 0,19 п.п.).

Кошумча инфляциялык басым күйүүчү-майлоочу материалдардын бааларынын 14,5 %га жогорулашынын эсебинен түзүлдү (салымы - 0,18 п.п.), анын ичинде бензин 15,1 %га (салымы 0,17 п.п.), дизелдик отун 11,1 %га (салымы 0,01 п.п.) кымбаттады. Отунга болгон баалардын өсүшү бир нече факторлор менен шартталды: Россия Федерациясында мунай иштетүүчү заводдордо жүргүзүлгөн оңдоо иштерине байланыштуу экспорттук чектөөлөр, ошондой эле дүйнөлүк экономикалык шарттар, атап айтканда мунай бааларынын жана транспорттук чыгымдардын өсүшү. Бул факторлордун жыйынды таасири күйүүчү-майлоочу материалдардын кымбатташына жана өлкө экономикасында кошумча инфляциялык басымдын күчөшүнө алып келди.

**Акы төлөнүүчү кызматтардын** баалары 11,2 %га жогорулады (салымы 1,90 п.п.). Баалардын өсүшү негизинен төмөнкү тармактарда байкалды: билим берүү тармагында – 26,4 %га (акы төлөнүүчү окутууга коюлган мораторийдин жоюлушуна жана жогорку окуу жайлардын чыгымдарынын өсүшүнө байланыштуу); саламаттык сактоо – 11,6 %га (дары-дармектердин, сарпталуучу материалдардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн кымбатташынын эсебинен); эс алуу жана маданий иш-чараларды уюштуруу – 9,8 %га; мейманканалар жана ресторандар – 7,2 %га; ошондой эле транспорттук кызматтар – 5,4 %га (кызматкерлерге төлөнүүчү чыгымдардын, ижара акыларынын жана логистикалык чыгымдардын өсүшүнүн таасири астында).

Инфляциянын деңгээлине төмөнкү кошумча ички жана тышкы факторлор да таасир эткен:

- калктын акчалай кирешелеринин жана эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн тез өсүшү: номиналдык жана реалдык эмгек акынын кыйла жогорулашы (2024-жылы номиналдык өсүш 14,1 %, реалдык – 8,6 %; 2025-жылдын январь–ноябрь айларында тиешелүү түрдө 19,1 % жана 10,2 %). 2025-жылдын январь-ноябрь айларында жеке адамдардын чек ара аркылуу акча которууларынын таза агымы 2024-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 23,0% га өскөн. Бул процесстер суроо-талаптын инфляциясын жогорулатып, керектөөнүн өсүшүнө жана ички бааларга басым жасоого өбөлгө түзгөн;
- ички рыноктун азык-түлүк товарларынын (ун, өсүмдүк майы, дан эгиндери ж.б.) импортуна жана дүйнөлүк тенденцияга көз карандылыгы;
- логистиканын жана импорттун чыгымдарынын өсүшү: Казакстанда темир жол транспортуна тарифтердин жогорулашы (алгач 16%, андан кийин 35% га) транспорттук

чыгымдардын көбөйүшүнө жана натыйжада чыгымдардын инфляциясынын жогорулашына алып келди;

- насыя берүү ишмердүүлүгүнүн күчөшү: 2025-жылдын январь-ноябрь айларында насыя берүүнүн көлөмү 50,6% га өстү, ал эми керектөө насыяларынын көлөмү дээрлик эки эсеге өстү, бул ички суроо-талаптын жогору болушун колдоп, товарлар менен кызмат көрсөтүүлөрдүн бааларынын өсүшүнө түрткү болду;

- бюджеттик чыгашалардын өсүшү (*социалдык тармакка кеткен чыгашалардын 25,1 %га, эмгек акыга кеткен чыгашалардын 15,2 %га көбөйүшү*) керектөөчүлүк суроо-талапты күчөтүп, ички бааларга кошумча басым көрсөттү.

- соода өнөктөш өлкөлөрдө сакталуучу инфляция, алардан республика керектөө товарларынын олуттуу бөлүгүн импорттогондуктан, тышкы инфляциялык таасирлердин улантылып күчөшүнө өбөлгө болууда. (*маалымат үчүн: 2025-жылыа Казакстанда баалар 12,3 %га, Россия Федерациясында 5,6 %га, Беларусияда 6,8 %га, Арменияда 3,3 %га өскөн).*

*Республика керектөө товарларынын олуттуу бөлүгүн импорттогон соода өнөктөш өлкөлөрдө инфляциянын сакталып калышы*

Азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу жана ички азык-түлүк рыногунда негизги азык-түлүк товарларынын бааларын турукташтыруу максатында 2025-жылы төмөнкү чаралар көрүлдү:

- социалдык маанидеги азык-түлүк товарларына баалардын өсүү темптерин ооздуктоо боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылга карата Иш-чаралар планы кабыл алынды (*Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 10-февралындагы № 72-р тескемеси*), анын аткарылышы туруктуу негизде активдүү мониторингден өткөрүлүүдө;

- 2025-жылдын 31-январынан тартып айыл чарба жаныбарларын үчүнчү өлкөлөргө (бодо мал, майда мүйүздүү мал, жылкы) экспорттоого уруксат берүү токтотулду, бул жаныбарлардын тышкы жеткирүүсүн азайтууга жана ички рынокко болгон басымды азайтууга мүмкүндүк берди;

- 2025-жылдын 11-августунда эт азыктарына (сөөксүз эттен тышкары уй жана козу эти) убактылуу өкмөттүк бааларды жөнгө салуу киргизилген. Бул чара керектөөчүлөр үчүн баалардын андан ары өсүшүн ооздуктоого багытталган. Бул жөнгө салуу башында 90 күнгө созулушу керек болчу жана кийинчерээк 2025-жылдын 31-декабрына чейин узартылган;

- 2025-жылдын 1-октябрынан баштап көмүргө убактылуу бааларды жөнгө салуу 90 календардык күндүк мөөнөткө киргизилип, баалардын чектөөлөрү белгиленди. Бул чара социалдык жактан маанилүү товарлардын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылууга жана инфляциялык басымды ооздуктоого багытталган;

- Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы баалардын туруктуулугун сактоого багытталган акча-кредит саясатын активдүү жүргүзүп жатат. 2025-жылы негизги пайыздык чен үч жолу 11,00%га чейин көтөрүлдү. Бул чаралар инфляцияны ооздуктоого жана экономикалык туруктуулукту камсыз кылууга багытталган.

**Эмгек акы.** Бир кызматкердин (чакан ишканаларды кошпогондо) орточо айлык номиналдык эмгек акысы 2025-жылдын январь-ноябрь айларында 42 954 сомду түзүп, 2024-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 19,1 %га, ал эми реалдуу эмгек акынын өлчөмү керектөө бааларынын индексин эске алуу менен – 10,2 %га өстү.

2025-жылдын январь-ноябрында номиналдык эсептелген орточо айлык эмгек акынын өсүү темпинин жогорулашы 2024-жылдын январь-ноябрына салыштырганда экономикалык ишмердиктин бардык түрдөгү ишканаларында жана уюмдарында белгиленди.

Алардын эң олуттуу жогорулашы кыймылсыз мүлк операциялары (32,2 %га), мамлекеттик башкаруу жана коргоо; милдеттүү социалдык камсыздоо (31,6 %га),

курулушта (30,8 %га), кесиптик, илимий жана техникалык ишмердик (29,6 %га), административдик жана көмөкчү ишмердик (28,5 %га), саламаттыкты сактоо жана калкты социалдык жактан тейлөө (22,8 %га), ошондой эле мейманканалардын жана ресторандардын ишмердиги (20,3 %га) чөйрөлөрүндө болду.

**Тышкы жана өз ара соода**. 2025-жылдын январь-ноябрь айларында Кыргыз Республикасынын тышкы соода жүгүртүүсүнүн көлөмү 14,0 млрд АКШ долларын түзүп, 2024-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 12,2 %га төмөндөдү. Мында, соода жүгүртүүнүн түзүмүндө экспорттун үлүшү - 18,5 %ды, ал эми импорттуку - 81,5 %ды түздү.

Кыргыз Республикасынын тышкы жана өз ара соодасынын көлөмүнүн быйылкы жылдын январь-ноябрь айларында 2024-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу кыскарышы экспорттук жөнөтүүлөрдүн азайышы менен шартталды.

Кыргыз Республикасынын экспорттук берүүлөрү 2024-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 43,5 %га азайып, 2,6 млрд АКШ долларын түздү. Алтынды эсепке албаганда экспорттун көлөмү 19,7 %га кыскарып, 1,9 млрд АКШ долларын түздү. Өлкөнүн экспортунун мындан ары да кыскарышынын негизги себеби катары мурдагыдай эле жалпы экспорттолгон продукциянын көлөмүндө олуттуу үлүштү ээлеген алтын калууда (26,3 %). Экспорттук динамикага кошумча терс таасир негизги соода өнөктөштөр – Россия Федерациясы жана Казакстан Республикасы тарабынан суроо-талаптын төмөндөшү менен шартталды. Ошол эле учурда машиналар жана жабдууларды камтыган инвестициялык товарларды жөнөтүү көлөмүнүн кыскарышы байкалып, бул экспорттун жалпы көлөмүнө олуттуу таасирин тийгизди. Мындан тышкары, 2025-жылы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомдору менен ички рынокту стратегиялык чийки зат менен камсыз кылуу максатында айрым чийки зат товарларын экспорттоого убактылуу чектөөлөрдүн киргизилиши экспорттук кирешенин кыскарышына жана экспорттун жалпы динамикасынын басаңдашына алып келди.

Ал эми импорттолгон товарлардын көлөмү 11,4 млрд АКШ долларын түзүп, 2024-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 0,5 %га өстү.

2025-жылдын январь-ноябрь айларында Кыргыз Республикасынын ЕАЭБге мүчө мамлекеттер менен өз ара соодасынын көлөмү 4,9 млрд АКШ долларын түзүп, 2024-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу 1,3 %га өстү. Ошол эле учурда экспорттук жеткирүүлөр 1,0 млрд АКШ долларын түзүп, 34,3 %га кыскарды, ал эми импорттук келип түшүүлөр тескерисинче 17,7 %га өсүп, 3,9 млрд АКШ долларына жетти.

Бул мезгилде республиканын өз ара соодасынын эң чоң үлүшү Россияга (64,1 %) жана Казакстанга (33,5 %) туура келди.

Үчүнчү өлкөлөр менен (ЕАЭБден тышкары) тышкы сооданын көлөмү 9,1 млрд АКШ долларын түзүп, 2024-жылдын январь-ноябрына салыштырмалуу 18,1 %га азайды. Республиканын товар жүгүртүүсүнүн жалпы көлөмүндө үчүнчү өлкөлөр менен тышкы соодасы 64,8 %ды, экспорт 60,8 %ды, импорт 65,7 %ды түздү.